Мажит Каримов



# «КЫЗ-КҮЙӨӨ» ДАСТАНЫ

*Мажит Каримов*

# «КЫЗ-КҮЙӨӨ» ДАСТАНЫ

**Бөбөкторгө белегим**

**ЖОМОКТОР, ЫРЛАР**

*(Мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдар үчүн)*

**«Бийиктик»**
**Бишкек - 2007**

№ 14228

УДК 82/821
ББК 84 Ки 74
К 95

Каримов Мажит.
К 95 «Кыз-күйөө» дастаны. Жомоктор, ырлар. Мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдар үчүн. – Б.: «Бийиктик», 2007. 52 б.

ISBN 9967-13-162-4

К 94702300100-05
ISBN 9967-13-162-4

УДК 82/821
ББК 84 Ки 74
© Каримов М., 2007.

*Айтчы энеке, эрте жазда*
*Кучкач уя салганын.*
*Жаш кыз бала бакан алып,*
*Эрте сууга барганын?*

*А.С.Пушкин*

*Балдар жазуучусу болуш үчүн өзгөчө талант, шык, жөндөмдүүлүк, чеберчилик, устаттык талап кылынат. Изденүү жана изденүү, эмгек жана эмгек жумшалат. Билим керек болот. Жаратылышты, айлана-чөйрөнү таанып-билүү жагдайында көркөм дүйнөң бай болуусу зарыл. Майда нерселерди сезип, баамдап, ага акыл сарптап, ар убак ойлонуп жүрүүнүн өзү да оор, машакат. Бөбөктөрдөгү сейрек учуроочу кылык-жорук, кыймыл-аракет, оозунан күтүлбөгөн кезде эле чыга калган кызыктуу, тамашалуу сөз, жылдыздуу жүзүндөгү кээде муңайыңкы, кээде күлкүлүү көз караштары, а түгүл капалуу көрүнүштөрү – ушулардын баары көз ирмемде эле өтүп кетет. Аны дароо илип ал! Аны кантип көркөм дүйнөгө алып келүү жолун таба бил! Чеберчилик деген мына ушул! Бала кыялы комуз кылындай назик нерсе. Гүлдүн коозлугун көзүң менен көрөсүң, жыпар жытын искеп, ички туюм-сезим козголот, рахаттанат! Жакшы обон жанды жыргатат, эргитет! Бала дагы*

*дал эле ушулардын өзү! Асыл таштан ар кыл буюм жасап жүргөн зергер менен балдардын бал тилин ак кагазга мончоктой тизип отурган балдар жазуучусунун турмуштагы орду, кадыр-баркы бирдей!*

*Колуңардагы китептин автору – Мажит Каримов мына ушул жогоруда айтылган сапаттарга ээ. Сөзүбүздүн чын-төгүнүнө кызыккандар китепти окуп чыгышсын, өз ойлорун ортого салышсын деген ак дилибиз, ак ниетибиз менен автордун адал эмгегин, мээнетин, бешене терин, саргая отуруп сарпталган акыл-эстин акыбетин көпчүлүккө сунуштап отурабыз!*

*Ооба, аябагандай зор күч, болоттой бекем эрк адамды алга жетелейт, асылдыкка, адамгерчиликке үндөйт! Адам – ушул сапаты менен Адам!*

*Эмесе, ырдын да, кара сөздүн да чебер устаты, ошону менен бирге мугалим болуп көп жыл бою иштеп келген, жаштарга татыктуу таалим-тарбия, терең билим берген агайыбызга чыгармачылык ийгиликтерди каалап кетели!*

# ТУЛГА

Балдар, Тулга деген жердин аты бар экенин силер билесиңерби? Уккан белеңер? Эмесе, мага жакыныраак отуруп, жакшылап кулак төшөгүлө. Тулга деген жердин аты кайдан келип чыкканын айтып, кызыктуу кеп козгоп берейин. .

Ишенесиңерби, мен туулуп-өскөн жердин аты – Тулга деп аталат. Бирок эмне үчүн минтип аталып калган? Мен мына ушуну билүү үчүн аябай кызыгып, ар кимдерден сурай бердим. Сурай берген сайын, окуялар күчөп, мени өзүнө тартып, дагы тереңирээк билүүгө умтула бердим. Себеби ар бир адам өзүнүн туулуп-өскөн жеринин тарыхын жакшы билүү керек да, туурабы, балдар? Ал эми аны ким айтып берет бизге? Ата-энелерибиз айтып беришет. Андан калганын чоң аталарыбыз, чоң энелерибиз, таятатаэнелерибиз айтып беришет. Анан дагы айылыбызда жашап жүрүшкөн башка карыялар да көптү билишет. Алардан да тартынбай, уялбай сурай бериш керек. Биз угуп, билип алсак, оо кийин, чо-оң болгонубузда, өзүбүздүн балдарга айтып беребиз. Ушинтип, өзүбүздүн туулуп-өскөн жердин аты унутулбайт, муундан-муунга

өтүп кете берет. Эмесе, балдар, сөзүмө көңүл буруп, азыр мен айта турган окуяга назарыңарды бургула. Карыялардын айтымына караганда, Тулга деген аттын келип чыгышы мындай болгон экен:

Илгери-илгери, тээ байыркы өткөн заманда, эл-жерин коргогон жоокер эр-азаматтардын баш кийимин туулга деп аташкан. Ошол кулак чалган уламыштарда айтылып калгандай, азыркы Тулга айылы орношкон жерде кызыл кыргын согуш болгон. Эл-жерди коргогон баатырлар капысынан кирип келишкен душмандар менен кырк күн, кырк түн уйку бетин көрбөй, кан-жанын аяшпай салгылашкан.

Добулбастар кагылып, керней-сурнайлар тартылганда, калың журт кылкылдаган туу астына дароо жыйылышып, аскер башчысынын буйругун чыдамсыз күтүшкөн. Ак боз атын ойноктотуп, шалк этмесин өйдө көтөргөн аскер башчысы тизилип тургандарга минтип кайрылган:

– О, журт! Жерибизге жек көрүндү желмогуздар заарын чачып, оозун ачып кирип келишти! Алар байлыгыбызды, жаш сулуу кыздарыбызды, келиндерибизди, күчкө толгон жалындуу жигиттерибизди тартып алгысы бар. Аларды алып барып, кул кылып иштетишет, азап-тозокко кириптер кылышат, күчүн пайдаланып, анан өздөрүн өлтүрүшөт! Биз ушуга макул болобузбу? Моюн сунабызбы? Жөн эле карап тура беребизби?

Бул чагылгандай жарк-журк эткен жалындуу, кайраттуу ураанды уккан калың калк колдорунда-

гы найзаларды, кылыч, канжар, жааларды көккө карай көтөрүшүп, мындай деп жооп беришет:

– Жо-ок! Биз аларга моюн сунбайбыз! Күрөшөбүз! Кашык каныбыз калганча кармашабыз! Багынбайбыз! Бешиктеги наристелерди, там-туң басып, жөрмөлөп келаткан тили ширин бөбөктөрдү, балдарыбызды бөөдө өлүмгө дуушар кылбайбыз! Ага жол бербейбиз! Кемпир-чалдарыбызды, ишке жараксыз майыптарды, ооруп жаткандарды жүрөгүбүздү тосуп болсо да коргойбуз! Алар үчүн жаныбызды аябайбыз! Ырайымсыз душмандарга, ырайымсыз сокку беребиз! Алга!

О, кудай бетин ары кылсын! Ошондо эки жак тирешип, жер бети алоолоно күйүп, атылган жаалардын жебеси күндүн бетин көрсөтпөй тосуп калган дейт. Бүт айлана алай-дүлөй болуп, будуң-чаңга түшүп, ызы-чууга, кайгыга, азап-тозокко толгон экен! Кимдин ким экенин, ким эмне жасап, кайда кетип, кайдан келип жатканы белгисиз болуп, чаң - тополоң башталыптыр. Кылычтардын карс-курс эткен дабыштары, күн нуруна жалт-жулт эткен канжардын курч миздери үрөйдү учуруп, ары-бери шамалдай шуулдап учуп жаткан жаалардын огу жүрөктү, өпкө-боорду тешип, кан жыттанып жаткан найзалардын ууланган уч жагы – деги мына ушул көрүнүштөрдүн бардыгы нак эле тозоктун өзүн көз алдыга келтирип туруптур!

Зериккен жоксуңарбы, балдар? Тажатып жиберген жокмунбу силерди? Жомогум жагып атабы? Кызык бекен? Силер кызыгып уксаңар, мен дагы

ошончолук кызыгып, берилип айта баштаймын. Кана эмесе, жомокту уланталы.

Мына ошентип, балдар, согуш адамга жакшылык алып келбейт. Ал жер бетин тыптыйпыл кылып салат. Мына ошол азыркы мен айтып жаткан кырк күн, кырк түнкү алаамат согушта, Аалам шумдуктуудай азап чегип, көчөлөрдө агып жаткан кыян-жаян кара кочкул канга жер титиреп, жан бүткөндүн баары күйүп-жаныптыр, күл болуп асманга сапырылыптыр. Топтогон байлыктар тозуптур. Мал-келден эч нерсе калбаптыр. Бешиктеги бөбөктөр чырылдап, жөрмөлөгөндөрү, там-туң басып жүргөндөрү түтүнгө, чаңга, тебелендиге калыптыр. Эркектердин баары согушта жүргөндүктөн аялдар гана калып, бооруна балдарын кысып, көрүнгөн жактарга качып бозуптур. Кыямат башталыптыр. Мындайда жөн турабы? Жаш келин-кыздар да эркекче кийинип алышып, колдоруна курал алышып, жоо менен беттешиптир. Ат жалында ойноп айкырышып, Ата Журт үчүн алга умтулуп, укурукту алыс таштап, аны тигилердин моюндарына асып, чаңга булап сүйрөп жөнөптүр!

Айгайды салышып, эки тарап беттешкен кезде, колундагы кылыч, найза, шалк этмелер быркырап сынып кетиптир. Ошо быркырап сынган куралдардан жалт-жулт эте от чыгып, көктөгү чагылгандын чартылдап жатканынан айырмалоо кыйын болуптур! Куралы сынган жоокерлер алышып-күрөшүп, жерге бөктөрө чаап, муунтуп өлтүрүптүр. О, кудай, мындайдын бетин ары

кылгын! Дал мына ушундай пенде чыдагыс кыргын согушта ар-намыс бербей, ыйык туу туткан жерин, ак калпактуу кыргыз элин душмандарга тебелетпей коргоп калган эр-азаматтар көп болуптур!

Акырында, өзү келип катылган душман, өздөрү ар тарапка баш-аягына карабай тымтыракай качышып, араң дегенде аз гана аскерлери менен кутулуп кетишиптир. Бирок жөө басып айланып чыккан адамга бир күнчүлүк убакыт кеткен мына ушул чоң шаар талкаланып, чаңы асманга сапырылып, быт-чыты чыгып, ээн талаага, чөлгө айланган! Аман калган бирин-серин адамдар калың кара түтүндүн, чаңдын арасында адашып, жарыкты издешип жүрө беришиптир. Кээлери Чилмайран тоосуна таяныптыр. Каңырыкты түтөткөн, өпкө-боорду эзген жаш балдардын ары ачуу, ары аянычтуу ыйы, келин-кезек, чал-кемпирлердин ботодой боздогону жерди солкулдатып, тоо-таштарды кайгымуңга салып туруптур!

Онтогон, кыңкыстаган жарадарлар секин-секин баш көтөрүп, жака-белин карап, жашоого үмүттөнүп жардам күтүшүптүр, чакырыптыр. Бирок аларга кол кабыш кылар, жөлөп-таяр эч ким болбогондуктан, суусап, кансырап жатып өлүшүптүр. Үч адам гана тирүү калыптыр. Алар деле соо жери жок, бири аксап, бири башын таңып, биринин колу жок болуп калган экен. Ошого карабай, согушта шейит кеткен күнөөсүз адамдардын өлүгүн топтоп, аларды аздектеп, ардак-

тап көмүшүптүр. Мына ошондо курман болгон эр-азамат жоокерлердин баш кийимдери – туулгалар тоодой болуп үйүлүп кеткен экен! Аны айлантып тосуп, бийик таш коргон, бекем чеп жасашыптыр ошо тирүү калган үч адам. Аерге ар жылы чогуу барышып сыйынышып, ыймандык ырасымын жасап турушуптур. Бул, демек, эл-жер үчүн жанын аябаган чыныгы уулдарын урматтап, алардын жаркын элестерин асти эстен чыгарбоо үчүн, атак-даңкын урпактан-урпакка түбөлүккө калтырыш үчүн жасалган адамдык, инсандык ыйык милдети эле!

Бирок кийин-кийин мезгил өтүп, заман өзгөрүп, ошо кездеги алаамат окуялар унутулуп, эскирип бараткан сайын, туулга деген аты да өзгөрүп, жөн гана Тулга деп аталып калыптыр.

Ал эми Тулга деген сөз мындан башка дагы бир маанини – көчмөн элдин күндөлүк турмушунда тутунуп жүрүүчү буюму – казан асып, тамак бышырчу очогу катары да туюндурулат эмеспи?! Мына ошо себептүү жогорудагы жомокко да анча ишенбей, канааттана бербей, эл аралап сурамжылай бердим эле, айылыбыздагы сексен сегиз жашка чыккан Айсак аттуу аксакал мына буларды кошумчалады:

– Ооба, балам! Тулгасы жок кыргыздын үйүн элестетүү да кыйын. Кыргыз жери – мал киндиктүү жер эмеспи. Жайытка, сууга бай келет. Чөбү мол. Малга ыңгайлуу. Ошого жараша эли дагы мал менен жан баккан. Ал эми малды ба-

гыш үчүн жайлоодон жайлоого, кыштоолорго көчүп жүрүш керек. Мына ошондой көчмөн элге казан асып оокат бышырчу буюм керек болгон. Ал – тулга! Тулганы көчкөн кезде көрпө-төшөк, идиш-аяктар менен кошо төөгө, атка, эң эле кедейлери качырга, өгүзгө жүктөп, жеңил-желпи кете беришкен.

Балдар, угуп жатасыңарбы? Уктап калдыңарбы! Жомогум узарып кеткен жокпу? Мына азыр бүтөбүз, аз калды, чыдагыла, балдарым!

Мына ошентип, балдар, жогоруда айтып кеткен жанагы тирүү калган үч адам, ошо талкаланган шаарда ач калып, ток калып жүрө беришиптир. Чала күйүп, быкшып түтөп жаткан күлдүн арасынан жалгыз сынык тулганы таап алышыптыр да, мына ошого от жагышып, тегеректеп отурушуп, болуп өткөн согуштун кайгымуңун айтышып, күн кечип жүрө беришиптир. Отту кайдан тапты деп сурагыңар келип турабы, балдар? Э-ээ, илгери чакмак таш менен от чыгарып алышчу. Сай-сайларда жаткан чакмак таштарды таап, аларды бир бирине урса, жалтжулт этип от чыккан.

Үч адам согуштан калган найза, жаа, шалк этмелерди алышып, өздөрүнө керектүү курал жасап алышат да, аркар-кулжа, элик-текелерди атып келгени Чилмайран тоосуна барышат. Ал жактан атып келишкен олжолорду орду менен бөлүп жешип, терилеринен жылуу тон жасап алышат. Айтор, өмүр, турмуш, жашоо дегениң андан ары ушинтип улана бериптир. Күн өтүп,

ай жылып, жылдар биринин артынан бири көбөйүп отуруп, ага кошулуп адамдар да көбөйүптүр. Калаа кайрадан өз калыбына келе баштаптыр. Эл турмушу оңолуп, өсүп-өнө баштаптыр!

Мына балдар! Жомоктун аягына да чыктык. Тулга деген жердин аты ушинтип жаралыптыр. Азыркы Тулгалыктар – ошол үч адамдан таралыптыр. Бирок балдар, бир шаар же мамлекет биротоло талкаланып, анан ал кайрадан мурдагыдай калыбына келгиче, арадан миңдеген жыл өтөрүн эсиңерден чыгарбагыла!

# САРДАЛ КЫЗ

Сардал кыз 3 жашта. Ал көпөлөктөрдү жакшы көрөт. Көпөлөктөрдүн гүлгө учуп-конуп жүргөнүнө кызыгып, карап тура берет. Көпөлөктөр да Сардал кыздын мындай мүнөзүн жактырат жана анын жакын келип карап турганынан коркпойт. Ошондуктан дайыма Сардал кыздын жанындагы кыпкызыл роза гүлүнө келип коно берет. Канаттарын тез-тез сермейт. Анан минтип сүйлөй баштайт:

– Салам, Сардал кыз! Сен гүлдөрдүн аттарын билесиңби?

– Билем, – дейт Сардал кыз. – Гүлдөрдүн аттары көп. Гүлдөрдүн өздөрү да өтө көп. –Кана, сен дагы гүлдөрдүн аттарын билесиңби?

– Билем, – дейт көпөлөк. – Мен алардын ширесинен тамактанам.

– А-ии, ошондойбу? Айтчы билсең? – деп Сардал кыз таң калып сурайт.

– Эң оболу сен айт. Сен айталбай калган гүлдүн атын мен айтам.

– Айтам эле. Айта албай калат деп жатасыңбы? – деп Сардал кыз тыпыйган назик манжалары менен бирден санай баштайт: сары гүл, ак гүл, кызыл гүл...

– Ий, ушул элеби? – деп көпөлөк канаттарын кагып, ары-бери уча берет.

Сардал кыз ызалана түшөт:

– Жо-ок, ушул эле эмес. Мен көп гүлдөрдүн аттарын билем.

– Билсең айтпайсыңбы анан. Эмне токтоп калдың? Билбесең, чыныңды эле жашырбай, уялбай айта бер. Мен сага үйрөтүп коём.

– Ий, анда мейли. Кана айтчы, гүлдөрдүн кандай аттары бар?

Көпөлөк гүлгө конуп алып, канаттарын да какпай туруп астейдил айтты:

– Биринчиден, жанагы айткандарың гүлдөрдүн аттары эмес, алардын өңү-түсүн гана айттың.

– Анан алардын аттары кандай болот? – Сардал кыз уялып, бирок анысын билдирбөөгө аракет жасады. Ошондуктан, каталагын мойнуна албай:

– Билем аны. Мен жана жөн эле айтып койгон болчумун, – деп актанды.

Көпөлөк да бул жакшынакай кыздын абалын түшүнүп, көп кыйнай бербейин деп, анын көңүлүн көтөрүүгө аракет кылды:

– Сардал кыз дейм, Сардал кыз. Сен антпе, капа болбо. Эч нерсе эмес. Билбесең, акырындап билип аласың. Мен бүгүн, таңга жуук туул-

дум. Мына карачы, учуп жүрөм гүлдөрдүн жыттарын искеп, ширесин татып жүрөм.

– А-а, ий, бүгүн туулдум дейсиңби? – деп Сардал кыз аң-таң калды.

– Ооба, бүгүн туулдум. Мунун эмнеси бар экен? Кызыктай көрүнүп жатабы?

– Бүгүн туулсаң, кантип учуп жүрөсүң? Кызык экен, ээ?

– Ушинтип эле учуп жүрөм. Мына, көрдүңбү? – Көпөлөк ары-бери учат.

– Көрдүм, – деди Сардал кыз. Мен дагы сендей болуп учкум келет.

– Сен уча албайсың, сен уча албай турган болуп туулгансың.

– Бирок менин учкум келет да. Сени менен кошо учуп жүргүм келет.

– Андай болбойт, – деди көпөлөк. –Сен антип ойлонбой эле кой. Кел, андан көрөкчө гүлдөрдүн аттары жөнүндө сүйлөшөлү.

– Мейли, – деп башын ийкеп макул болду Сардал кыз. – Ошентели анда.

Анан саал туруп эле бул оюнан айнып кетти.

– Жо-жо-ок, өзүм айтам. Мен билем, сен айтпай эле койчу, макулбу?

– Макул, айт!

– Роза гүлү, сирень гүлү, байчечекей, мандалак, ромашка. Дагы ... ий дагы кө-өп билчү элем, эстей албай жатам?

Ушул учурда булардын жанына дагы бир көпөлөк учуп келип гүлгө конду. Бул энеси экен. Саартан бери издеп жүрүптүр. Таппай кабатыр

болуптур. Апасы мына ушуларды айтып, үйүнө ээрчитип кетүүгө аракеттенди. Бирок берки буга дароо эле көнө койбоду. Кеткиси келбей кылчактады:

– Апаке дейм, апаке! – деди анан эркелеп. – Бул кыз менен таанышып алдым. Менин эң жакын жолдошум болуп калды. Аты – Сардал, акылдуу кыз!

– Э-ээ, жакшы болгон турбайбы, – деди апасы. – Мындан ары жакшы жолдош болуп жүрө бергиле. Бириңерди бириңер капа кылбагыла, урбагыла!

– Жо-ок, антпейбиз, биз абдан эле ынтымактуу болуп, гүл жөнүндө гана сүйлөшөбүз, гүлдөрдүн аттарын атайбыз,– деди Сардал кыз озунуп сүйлөп.

– Анда эле жакшы экен, – деп тиги апасы сөздү кубаттады. – Эми менин кызыма жооп бергин, Сардал кыз, макулбу? Биз үйгө баралы. Кызым уктасын. Сен дагы үйүңө баргын. Апаң күтүп жаткандыр? Түшкү тамак да даяр тургандыр?

– Ий, ооба, мен дагы барайын үйүмө. Апам издеп жүрбөсүн?

Энелүү-балалуу көпөлөктөр кетип баратышып, Сардал кыздан минтип сурашты: – Э-э, Сардал кыз, сенин жолдош кыздарың да көпөлөктөрдү жакшы көрүшөбү?

– Ооба, жакшы көрүшөт, – деп тез-тез жооп берди Сардал кыз. –Алар, мисалы, Гүлмира, Гүлсина, Гүлнара, Гүлсүнай деген жолдош кыз-

дарымдын бардыгы көпөлөктөрдү тутпайт, көпөлөктөргө тийишпейт!

– О, анда алар жакшы кыздар экен. Бизден салам айтып койгун.

– Макул, салам айтам.

Ортодогу сөздөр ушуну менен бүттү. Эне-бала көпөлөктөр учуп кетти. Сардал кыз өзү жалгыз калды. Гүлдөрдү кармалап, аларды жыттап, өзүнчө бала кыялына, бай жан-дүйнөсүнө кирип, ошону менен алпурушуп отурган чакта апасы келип, жетелеп кетти.

Сардал кыз ушундан кийин: «Көпөлөктөрдү жакшы көргөн жолдошу болуп алсам, гүлдөрдүн аттарын билсем» – деген ойго чөмүлүп, ал ой-пикирин апасына айткысы келди. Бирок апасынын да, атасынын да иштен колу бошобой, күн артынан күн өткөн сайын кыз кыжаалаттана берди. Теңтуш кыздарынан сураса, алар деле гүлдөрдүн аттарын анча деле билишпейт экен. Эмне үчүн Сардал кыз көпөлөктөргө, гүлдөргө ушунчалык жакын, айрылгыс дос болуп калды? Анткени атасы да, апасы да гүлдөрдү жакшы көрчү. «Канаттууларга тийбегиле, бак-дарактардын шактарын сындырбагыла! – деп ар дайым кулагына куюп турчу. Ошондуктан Сардал кыз апасынын, атасынын бул сөздөрүн эсинен чыгарбай, аны аткарууга аракет кылчу. Алардын короосунда кызыл, көк, сары, жашыл, ак гүлдөр бажырайып ачылып турчу. Атасы ага ар күнү суу сээп, астын жумшартып, анан башын ийип, жыпар жытынан искеп, рахаттана үн катчу: «Бах, кандай сонун гүлдөр!» Сардал кыз мына ушулар-

дын баарына назар салып, акыл жүгүртүп, атасындай, апасындай чоң адам болууну, гүлдү өстүрүүнү самай берчү.

Бир күнү Сардал кыз апасынан астейдил көңүл берип, кызыгып сурады: «Апаке, гүлдөрдүн аттарын айтып берчи мага?» Апасы анда минтип жай гана жооп берди: «Гүл деген гүл да. Анын дагы кандай аттары болуш керек? Аны мен жакшы билбейм. Атаңан сура». Атасынан сураса:

– Азыр колум бош эмес, кызым. Анан, анан айтып берейин, макулбу? Азыр жумуштан чарчап келдим. Эртең эрте турушум керек, иштерим чачтан көп! – деп койду.

«Эртең жанагы көпөлөктүн өзүнөн сураймын!» – деп ойлонуп жатып уктап калды Сардал кыз.

Таң да атты. Сардал кыз эрте туруп, бети-колун таза жууп, апасын чакыртып убара кылбай эле өзү келип тамактанууга отурду. Бирок көпөлөктөргө баруу жөнүндөгү ойдон такыр арыла албады. Ата-энеси экөө тең жумушуна кеткен соң, баягы көпөлөк келчү гүл бакчага барды. Күткөн көпөлөк дароо келе көйбоду. «Келем деди эле, алдаптыр!» – деп Сардал кыз капалана түштү. Сардал кыз эми көпөлөктүн келбей турганына көзү жеткен соң, теңтуш кыздарга барып, ошолор менен ойногусу келип, көчө тарапка жөнөп калды. Короодон чыга берерде:

– Сардал кы-ы-ыз, салам сага! Кайда баратасың? Биз келдик! – деп эки кичинекей көпөлөк



14228

канаттарын каккылап, Сардал кызды айланып уча берди: «Жүр, Сардал кыз, гүлдүн четине барып отур. Ошол жерден сүйлөшөлү».

Сардал кыз сүйүнүп кетти. Ал дагы көпөлөктөргө салам айтты. Беркилер кабыл алды. Короого кирищти. Бажырайып ачылган гүл четине келип, Сардал кыз отурду. Көпөлөктөр ар бир гүлгө конуп, учуп да, Сардал кызга сүйлөп берип жатты.

– Силер эмнеге мынча күттүрдүңөр? – деп Сардал кыз таарынычын айта баштады. Берки эки көпөлөк: «Биз сага убада берген эмес элек го? Эмне үчүн минтип сурайсың? Сени менен биринчи ирет жолугушуп отурабыз» – деди. «Демек, силер баягы күнү мен достошкон көпөлөк эмес, башка көпөлөк экенсиңер да?» – деп сурады Сардал кыз.

– «Ооба! – деди эки көпөлөк тең бир ооздон. – Биз башка көпөлөкпүз. Бирок биз сени билебиз. Бизге ошол күнкү сага жолуккан, дос болгон көпөлөк сен жөнүндө айтып, сенин жакшы кыз экениңди өтө мактап сүйлөп берген. Сага келип-кетип турушубузду катуу дайындаган».

– А өзү кана? Келбедиби?

– Алар азыр жок. Апасы да, өзү да өлгөн!

– Кантип? Өлгөн дейсиңби? Кантип өлөт? Өтө кичине эле го?

– Өлүм кичине же чоңго карабайт, Сардал кыз. Анын үстүнө биз үч эле күн жашайбыз. Анан ошону менен жашообуз бүтөт!

– О, жаман экен анда!

– Жаманбы, жакшыбы, буйруганы ошол, Сардал кыз. Гүлдөр дагы бизге окшош. Алар дагы, биз дагы ушул улуу дүйнөгө урук таштайбыз. Гүлсүз бизге жашоо жок. Алардын шириси бизге азык-оокат. Жыттары болсо, бизге ырахат тартуулайт!

– Гүл менен сүйлөшкөндү билесиңерби силер? Мен гүл менен сүйлөшкөндү абдан каалар элем. Мен аларга кээде сүйлөп берем, а алар үн катышпайт. Эмне үчүн антет? Кантип сүйлөшө алам? Айткылачы мага?

– Ал оңой эле, – дешти берки эки көпөлөк. – Анын сыры мындай: сен гүлдөрдү жакшы көрөм дедиң, туурабы? Демек, ошол жакшы көргөнүңдүн өзү эле жетиштүү. Жакшы көрсөң эле болгону.

– Түшүнбөй жатам сөзүңө, көпөлөк?

– Макул, анда жакшылап ук, түшүндүрүп берейин. Эң оболу гүлдөрдү жакшылап кандырып сугар, астын жумшарт, жер семирткич чач, отоо чөптөрдөн арылт. Анан эң башкысы – тебелеп-тепсебе, бирөөлөргө үздүрбө, эчки-улактарың көп экен, аларды короого киргизбе, мотоп салат.

– Түшүнбөдүм, мотоп дегениң эмне?

– Бирин койбой заматтын ичинде жеп салат дегеним.

– А-а, түшүндүм.

Сардал кыз бир түп гүлдү өзүнө ийип, аны жыттап, кобурап бир нерселерди айткан болду. Жытына ырахаттанып жатканын билдирип жат-

са керек? Мына ошондо гүлдөн: «Сардал кы-ыы-ыз! Са-а-лам сага! – деген ичке, назик, угумдуу үн чыкты.

– Ий, чын эле сүйлөп жатат! – деп таң калды Сардал кыз. – Кызык.

– Ана, айттым го, айтсам ишенбедиң эле, – деп көпөлөк да сүйүнүп, канаттарын каккылап, ар бир гүлдүн лооласына конуп, кайра учуп, сайран куруп жүрө берди. Сардал кыз ошондо кимдир бирөөдөн үйрөнгөн гүл жөнүндөгү ырын обонго салып ырдап жиберди:

Гүлдөр, гүлдөр,
Ага конгон көпөлөктөр.
Кан тамыры бирге кагып,
Түк айрылгыс кош жүрөктөр!

Бул обонду коштоп гүл да, көпөлөктөр да бардыгы ырдап жиберишти:

Көпөлөк, көпөлөк,
Уча бергин көкөлөп.
Гүлдү мактап аралап,
Кел, ырдайлы экөөлөп!

Бакка конуп турган булбул муну угуп, өзүнчө толкунданып кетти:

Таң заарынан тил безеп,
Сайрасам гүлдөр ачылат.
Ачылган гүлдүн жыттары,
Айланага чачылат.

Анан булбул, гүл, көпөлөк жана Сардал кыз – төртөө тең кошулуп, обон созуп айлана-чөйрөсүндөгү жер-жемиштердин, а түгүл чөптөрдүн да делебеси козголуп, мукам үндөрүн

созгондо, кулак кужурун кандырып жибериш-ти:

Гүл менен булбул, көпөлөк,
Кел, ырдайлы үчөөлөп.
Ырдайлы, достор, ырдайлы,
Сардал кыз менен төртөөлөп!


Ошентип салтанат, шат, оюн-күлкү да бүттү. Баары өз-өз ордуна кетти. Бир гана жанагы эки көпөлөк калды. Алар Сардал кызга минтип ай-тышты: «Сардал кыз, сага өткөн жумада жана-гы сен таанышкан көпөлөк досуң, гүлдөрдүн аттарын айтып беремин деп убада кылган экен, туурабы? Ал бизге өлөр алдында өз керезин ай-тып кетти эле. Ошону аткарып коёлу. Мойну-бузга карыз болуп калбасын. Гүлдөрдүн атта-рын сураган экенсиң, угуп тур эмесе, биз билген гүлдөрдүн аттары мына булар: ромашка, кыз-галдак, райкан гүлү, сыягүл, өрүк гүлү, алма гүлү, алча гүлү, шабдаалы гүлү, жийде гүлү, түрдүү түскө боёлгон тоо гүлдөрү бар.

– Ыракмат, көпөлөк, билип алдым эми.

Көпөлөктөр учуп кетишти. Сардал кыз дагы жалгыз калды. Көпөлөктөрдүн үч күн гана жа-шай турганын ойлоп, көз кычыгына жаш алып, ичи ачышып, боору ооруп капалана түштү. Ка-багын салып ызаланган, капа болгон түрдө бир жагына кыйшайып жатты да, уйкуга кетти. Түшүндө көпөлөктөрдү, гүлдөрдү көрдү. Бул-бул да бар экен. Бардыгы бийлеп, ырдап жаты-шыптыр. Ортодо Сардал кыз жүрөт. Бүгүнкү түш өтө укмуштуу, кереметтүү түш болду. Аны сөз менен айтуу да кыйын.

Сардал кыз ойгонсо, үйүндө жатат. Көңүлү шат, өзүн жеңил, көңүлдүү сезет. Кош колун башына жаздап, көргөн, уккан, билгендерин эстей баштады. Баары жакшы. Анан үн чыгарбай, өзүнчө мына минтип ырдап жатты:

Көпөлөк, көпөлөк,
Кел, учалы экөөлөп.
Сен түшүмө киргенде,
Ыйлагым келди өпкөлөп.
Конуп-учуп жүрө бер,
Корообузда гүлдөр көп!



# «КЫЗ-КҮЙӨӨ» ДАСТАНЫ

***(Жомок-поэма)***

*Атакебай, жан энекем, келгилечи,*
*Жан жыргатып, жомок айтып бергилечи?*
*Астыңарга башты коюп угуп жатсам,*
*Күндөгүдөй: «Укта, уулум!» – дегилечи!*

***Автор***

## ПРОЛОГ

Мейли уулум, айтайын макул болуп,
Менин дагы турат азыр кучум толуп.
Элеңдеп эмнегедир тынчсызданам,
Жүрөк күйүп, өрттөнүп, алоолонуп!

Чаңкап, суусап, акактап акыл-эсим,
Жомокту эңсеп, тилеп, сурап жаткан кезим!
Козголсун да ойгонсун, көп ойлонсун,
Кулпуланган купуя сыр, ички сезим!

Көрүнүшү өтө кооз Боом капчыгай,
Аны жандап чоң суу агат такыр тынбай.
Жан-жакабел жашылданып, жагалданып,
Жасанышып, жаңы тонун жамынгандай.

Токчулук да, молчулук да ушул жерде,
Мээрим төгүп, Алла Таалам алкагандай!
Бирок да азыр эмес – тээ илгери,
Көңүлсүз иш болуптур алда кандай...
Эл оозунда айтылып, аңыз болуп,
Бул күндө да жүрөт ал унутулбай.
Уламышты андан ары улап-курап,
Жан-дил менен жазып бердим чарчап-талбай.
Укмушу көп, кызыктары андан да көп,
Уул, кыздарым уккула, уктап калбай!

## БАЯНЫМДЫ БАШТАЙЫН

Чүй боорунда чүрөктөй кыз туулуп,
Туруптур дейт жүзүнөн нур жуулуп.
«Кулак угуп, көз көрбөгөн мындайды!» – деп,
Колу-коңшу таң калыптыр муну угуп.

Ата-энеси чочулап мындай сөздөн,
Абайлашып сактаныптыр жаман көздөн.
Дем салдырып, окутуп, тумар тагып,
Кийинтиптир эски-уску жаман бөздөн.

Үй-бүлөдөн чыгыптыр ар түрдүү кеп,
Бирөөнүкү бирөөгө келалбай эп.
Ымыркайга ылайыктуу ат коё албай,
Акырында аташыптыр ысмын Зейнеп.
Ыраазы болбой буга кээ бирөөсү,
Талашышты: «Айсулуу же Айпери коёбуз!» – деп.

Боом тоосунун көк, жашыл капчыгайы,
Шоокум салып шар аккан өзөн-сайы.

Тептегерек болуп өзү тик төбөдөн,
Сүзүлөт сүттөй жарык түнкү Айы.

Бир азга бурсам эми сөздүн нугун,
Караңызчы ушулардын улуулугун!
Бекинишип бешиктин бетин ачып,
Беришти өздөрүнүн сулуулугун!

Күн дагы четте калбай нурун чачты,
Кыздын болсо ого бетер ажары ашты.
Күндүн күчтүү аптабына чыдай албай,
Сугун арткан көралбастар алыс качты.
Шамалга окшоп шашылат мезгил деген,
Мезгил өтөп көп адамдар азап жеген.
Бул мезгилдин ачуусу да, таттуусу бар,
Энесиндей эркелетсе, бирде эзген!

Балдай ширин бала чак келип жетти,
Кыздар менен чуркап ойноп тоого кетти.
Гүл теришип, чөпкө оонап, сейил куруп,
Кызгалдак менен алар сүрттү бетти.
Сөз узартып отурбай мындан ары,
Бойго жеткен кезинен баштайм кепти.

Зейнеп деген атын ал эчак чанган,
Айсулуу деген атты тандап алган.
Айсулуу, чын Айсулуу дегендей бар,
Бул сөзүм өзүмө чын, сага жалган!

Жагалданат жарым айдай каш чийилип,
Таң калтырат тал чыбыктай бел ийилип.

Олоң чачы такымга жетип турат,
Боюна чак борумдуу тон кийинип.
Ким болсо да байкай алат дароо эле,
Байдын кызы экени көзгө илинип.

Кара көзү, кырдач мурду, кирпиктери,
Алчадай мөлтүрөгөн илептери.
«Мындай кызды тарбиялап өстүрдүм!» – деп,
Мактанат туулуп-өскөн ыйык жери!

Наркын бузбай, намыс бербей Айсулуу кыз,
Назданып, сылык сүйлөп, лаззат курат.
Эриндери наристенин эрининдей,
«Эриниңди тийгизгин!» – деп тилеп турат.
Төгөрөгү төп келишкен ушул кызга,
Төгөрөктүн төрт бурчу көңүл бурат.

Алар турган, жашаган боз үй – айыл,
Тээ илгертен Боом суусунун болот жээги.
Ошол жерде ойноп-күлүп жүрчү эле го,
Кайда эми кайталангыс күн кечеги?!
О, оопатсыз дүйнө-ай, баскан жолуң
Ойлогондой, каалагандай болбойт деги!

Айсулуу кыз ойлой берет өткөн күнүн,
Ырдайт анан созолонтуп мукам үнүн.
Көз алдына келтирип кейип кетет,
Эшим менен жолуккан айлуу түнүн.

Тоолук кыздар токой сырын жакшы билип,
Койнуна коён сымал шумгуп кирип.

Эшим экөө кол кармашып бараткanда,
Тамандарын кетчү эле чөңөр тилип.

Каткырышып, куушуп, бекинишип,
Тандашып жыпар жыттуу гүлдү терген.
Карагатты, кожогатты жана дагы
Четинди, бүлдүркөндү бөлүп жеген.

Кызыл, сары, көк, жашыл, аппак түстөн,
Гүл теришип «кыз-күйөөгө» белек берген.
Урматтап ушул жүргөн сулууларды,
Улар атып келиптир улуу мерген.
Теңтуштар тегеренип отурушуп,
Суу жээгинде шорпо ичип, эттен жеген.

Билериктер шыңгыр этип, добуш берип,
Сөйкөлөрү алтындан жалт-жулт эткен.
Асыл таштан жаралган ар кыл мончок,
Ак алкымга жарашып «бүлк-бүлк» эткен.
О, ошол кез кандай гана сонун эле,
Тоо жели леп-леп согуп, сылап беттен!

Мына эми азап-тозок жүрөктү эзип,
Бай уулу келет ага талаа кезип.
Жорго минип айылдан жандап өтөт,
Өйдөсүнүп, өзүн өзү эркин сезип.
Күмүш кемер тагынган жигиттери,
Бой көтөрөт үзөңгү тээп чиренишип.
Муну көргөн Эшимде тиш кычырап,
Арстан сымал алгысы бар эсептешип.

Бирок да болгондуктан Эшим кедей,
Отурбайбы бу кызга колу жетпей.
Күнү-түнү ойго батып, санаа тартып,
Күйүт күчөйт көкүрөктөн арман кетпей.

Боз үйдө Аруу эне болуп капа,
Кызын аяп, кучактап чекти жапаа.
Айсулуунун айдай жүзүн жылуу жаш жууп,
Деп жалынат: «Жардам берчи, жаным апа?!»

Ушул кезде бай жигити эшик ачты,
Кымтынышып эне-бала абдан шашты.
Долонодон жасалган камчы сабын,
Карынбай кезеп кызга, каарын чачты:
«Ойлогон ойлорубуз бир кыл болбой,
Ооруттуңар оорубай жүргөн башты.
Алгыла, байлагыла буту-колун,
Камагыла, оокат эмес, жесин ташты!
О, уятсыз! Он алтыга чыга электе,
Бул кызым күйөө тандап неге шашты?
Эгер менин тилимди сен албасаң,
Билип койгун, бир бирден жулам чачты!»

«Бөрк ал десе, баш алган» жигиттери,
Алардын Карынбай го ишенери.
Камчы саптар тийгенде «тыз-тыз» этип,
Айсулуунун калбады чала жери.
Өз кызын өлгүчөктү токмоктотуп,
Карынбайдын жазылды эми чери!

Муну менен чалдын чери жазылбады,
Басып жүрүп бакырганы басылбады.
Үч күн, үч түн Айсулууга оокат бербей,
Чаңкаганда сууну дагы таттырбады.

Айсулуу жаткан үйгө келди Эшим,
Түн ичинде эки жакты тыңшап туруп.
Кызды кооруп жаткан эки корукчуну,
Эс-учунан ажыратты катуу уруп!

Качты ана сүйүшкөндөр түн жамынып,
Калың чөпкө, таштарга бут чалынып.
Алды-артын карап тез-тез катуу чуркайт,
Жаратканга, кудайга миң жалынып.

Кайдандыр карышкырлар тынбай улуйт,
Аны угуп, эки жаштын алы куруйт:
«Жырткычтарга жем болуп калабызбы?»–
Деп Эшим кынынан тез бычак суурuйт.

Кыз жыгылып, тизеси ооруксунду,
Муңдууларга дагы бир муң кошулду.
Жигит аны жонуна шап көтөрүп,
Кайраттанды, арстандай алга умтулду.

«Кыйналдың, эс алалы, токтой тур!» – деп,
Айсулуунун тынчы кетти бушайман жеп.
«Боорум менен жер чапчып жылсам дагы, –
Деди Эшим,– Боом тоосуна жетем эптеп!»

Акмалап арт жагынан келатат жоо,
Ай, азап-ай, же батыраак көрүнбөйт тоо?!
Мал багып, бул жерлерде далай жүрүп,
Боордоштой болуп калган чаңкайган зоо!
Бир жагынан угулгансыйт өлүм үнү,
Кантип эле өмүр бүтөт ушул түнү?
Боом суусунун шоокуму даана чыгат,
Чалгансып өмүр, жашоо, үмүт күнү!

Мына ушул суу, мына ушул тоо алып калар,
Ырайымдуу эмеспи адамга алар?
Аларга көп айтылып келе жатат,
Нечен мактоо, нечендеген даңктуу баалар.

Эсеси ошолордун чыгып эми,
Жаштарга жакшылыктуу тийсин деми.
Жаратылыш жана адам бир эмеспи,
Айырмасы – адамзаттын болот кеми...
«Берүүчүңдү эми бергин, Боом тоосу,
Бел тутуп келатабыз жалгыз сени!
Санаалаш болуп жүргөн жан элек го,
Сактап калгын Айсулууну жана мени?!»–
Деп жалынып, жалбарып барат Эшим,
Кайталап оозго келген бүт келмени!

Азыркы алар чыкчу зоока бийик,
Өйдөгө колду сунсаң көккө тийип.
Издерин жашырышып адамдардан,
Илгери мекендеген улар, кийик.
Кокусунан кимдир бирөө кулап кетсе,
Болору чын колу-буту жилик-жилик!

Ана, Айсулуу, Эшим экөө кучакташып,
Дал чокуда турушат кайгы ашып!
Бой таштаса не болорун жакшы билет,
Ойлонуу керек дагы, кетпей шашып!
Ылдый жакта суу агат чимирилип,
Карайт аны коркушуп, көз тигилип.
Учуп дене, сууга жетип барганча эле,
Урчук таштар жиберет тилип-тилип.
Антүү үчүн арстан жүрөк болуу керек,

Андай кылуу өтө кыйын, турат билип.
Бирок үмүт үзүлбөт, жашай берет,
Бир кудайдын жардамын көңүлгө илип!

Мезгил азыр көктөм маалы болгондуктан,
Көбөйгөн көбүктөнүп суулар кирип.
Анакей, алдас уруп агып келет,
Токойлордо калган дарак ирип-чирип.
Тооба кылдым! Тоонун, суунун сүрү жаман,
Жутса ажыдаар, дароо дене кетет сиңип!

Ушул катаал жана татаал табышмакты,
Эки жаш чече алышпай башы катты!
Жашоо ширин, өмүр таттуу баарынан да,
Жүрөгү өйүп, жаштардын жашы акты!

Жакшылыкты, жамандыкты боолкотуп,
Мезгил деген аны күтүп турмак беле?
Коркуудан, калтыроодон дене өлдү,
Суугa боюн таштабай туруп эле!

Жан алгычтар жакындап келе жатты,
(Караңгыда эки жашты араң тапты.)
Ансыз деле дене муздап калган болчу,
Аны билбей жарыша кылыч чапты!
Көзгө сайса көрүнгүс коюу түнду,
Жарык кылып кызыл кан дир-дир акты!

# ЭПИЛОГ

Эс алып келатканда көл жээгинен,
Кыя өтпөдүм «Кыз-күйөөнүн» өз элинен.
Кызыгып дагы терең сурап билдим,
Кызыл көйнөк, кырдач мурун бир келинден.
Мөлтүрөгөн моймол көз, шипширин сөз,
Орун алды жүрөгүмдүн тереңинен.
Асылзаттын ак алкымын, кош илебин,
Өткөрдүм өпкө-боордун элегинен!
Чымыркаyып чыдабасам ошо кезде,
Эркек эрки чыкмак эле өз чегинен!

Келишкен келин тура өтө шайыр,
Сурады эле атымды айттым: «Дайыр!»
Ушул жерде жашагым келип кетип,
Дегеле денем балкып, алдым байыр!
Жөнөйүнчү азгырылып кетелекте,
Жүкөшүм-ай, жакшы жүргүн, кош бол, кайыр!
«Көк жалым» зымырап асфальт жолдо,
Менин болсо кагазым, калем колдо.
Алдыма милдет коюп, ант ичкендей:
«Чоң поэма жазам!» – дедим мен ошондо.

# КААЛОО СӨЗҮМ

Эс алганы Ысыккөлгө баратсаңыз,
О, жолоочу, жол четине бир караңыз.
«Кыз-күйөөнүн эстелигиг турат мында,
Көрсөңүз көп бөлүнөт ой-санааңыз!

Таазим этип, үн катпай турдум мен да,
«Кыз-күйөөнүн» курман болгон жерин сыйлап.
Теңчиликтин таңын көрбөй кеткендердин,
Тагдыры жандүйнөмдү турду кыйнап!

Неберем этегимден тарткан кезде,
Араң-зорго артка бастым күчтү жыйнап.
Кош бол, кош бол, «Кыз-күйөө» деген айыл,
Өркөнүң өсө берсин гүлдөп, жайнап!
«Кыз-күйөөнүн» аты өчпөй мындан ары,
Кылымдан кылымдарды жүрсүн аттап.
Чырак болуп, шам болуп жарык берип,
Чын махабат жашай берсин эл аралап!
Боюн керип Боом тоосу турат ана,
Ааламга ак сүйүүнү даңазалап!
Капчыгайдын кашка суусу, кош бол эми,
Унутпай силерди мен жүрөм баалап.
«Кыз-күйөөгө» эстелигим ушул болсун,
Аларга бул эмгекти жаздым арнап!

# ЫРЛАР

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Карагат өсөт кыр-кырда,
Теребиз аны биз жылда.
Шекер кошуп кайнатып,
Аны жейбиз кышында.
Ооруса апам айыгат,
Дарылык жагы ушунда.

Толукшуган тоо чөптөн,
Дары-дармек жасалат.
Эл ичинде эң эле,
Ыйык болуп саналат.

Ана бышты мөлтүрөп,
Бүлдүркөн, чие, кожогат.
Аларга шаттык, дем берип,
Шылдырап тунук суу агат.

Күн күркүрөп алыстан,
Катуу жамгыр болордо,
Алдын ала билемин,
Көп болот мындай тоолордо.
Көтөрүп үйгө жөнөймүн,
Көнөчөгүм толордо.

Кандай сонун чар-тарап,
Толкундап турам мен карап.
Сан-миңдеген сулуулук,
Бүталбайм аны бүт санап.

# АЛЧАЛАР ГҮЛ АЧКАНДА

Ааламга кыймыл киргизип,
Күн нурун жерге чачканда,
Чоң атам менен ээрчишип,
Бак аралап басканда,
Бажырайып чар-тарап,
Алчалар ак гүл ачканда.
Билдим дүйнө кооздугун,
Беш жаштан араң ашканда.

Ойлонуп жүрдүм өзүмчө:
«Алчалар качан бышат?» – деп.
Күлүп бакты караймын,
Күн өткөнүн эсептеп.

Апам ойготпосо да,
Өзүм турдум эртелеп.
Колумдан кармап жөнөдү,
Чоң атам мени жетелеп.

Ана турат алчалар,
Мончоктой болуп мөлтүрөп.
Терип берди чоң атам,
Ширин экен, жедим көп.

Чоңойгондо мен дагы,
Алма, алча эгемин.
Чоң атамды, энемди,
Чогуу алып келемин.

# БӨБӨГҮМДҮ УКТАТЫП ЖАТКАНДАГЫ ЫР

Саартан бери эч тынбадың,
Оюндарга көп кызыгып.
Укта балам, уктап калчы,
Мен да алайын бир аз мызгып.

Кой майынан жасап берген,
Буламыкка алдың тоюп.
Анан жаттым, жаным балам,
Мен жаныңа башты коюп.

Атаң келди иштен чарчап,
Ага тамак берейин.
Торпок мөөрөп тыбырчылайт,
Уйларды саап келейин.

Кан-жаныман, боор-этимен,
Жаралгансың жаным балам.
Бассам-турсам жүрөк туйлап,
Эмнегедир тынбайт санаам!

Менин өчпөс өмүрүмсүң,
Ыйманымсың ыйык туткан.
Бул дүйнөдө жалгыз сенсиң,
Дөөлөт, даңкым – жаным балам!

# КАРКЫРАЛАР

Ана, ана, караңызчы,
Учуп барат каркыралар.
«Каак-каак!» – этип канат күүлөп,
Эми барат кайда алар?

Эли-жерин сагынышып,
Алыс жакка баратат.
Алар жетип баргычакты,
Күүгүм түшөт, күн батат.

Багыма кон, эс алгыла,
Чарчасаңар, талсаңар.
Тынчсыздана беремин мен,
Силер кеч калсаңар.

Үй алдынан карап туруп,
Кол булгадым коштошуп.
Кана эми мен да учсам,
Силерге дал окшошуп.

Кыштагымды карар элем,
Көк сабалап баратып.
Деңиз, көлдөн өтөөр элем,
Бут черимди таратып.

Каркыралар, каркыралар,
Сапар тартсаң, сак болгула!
Айрым арам ойлуулар бар,
Ар жерге эле конбогула!

## ЖАЛЫНДУУ ЖООКЕР БОЛОМУН

Болор-болбос сөзгө ыйлап,
Бошоң бала болбоймун.
Машинам эгер бузулса,
Тетигин өзүм оңдоймун.
Кол ойнотуп, күү чертип,
Комуздун кылын толгоймун.
Жигит болуп жетилсем,
Мекенимди коргоймун.
Автоматты асынып,
Атамын жолун жолдоймун.
«Кылалы кызмат элге!» – дейт,
Досумун сөзүн колдоймун!

Ардактуу асыл Мекеним,
Кадырыңа жетер бекемин?
Ушундай жерде төрөлгөн,
Бактылуу бала экемин!
Кылычтай кындан суурулуп,
Калкыма кызмат этемин!
Маанилүү ишти аткарсам,
Максатыма жетемин.

Калсам экен деп тилейм:
«Жалындуу жоокер!» – аталып.
Армияга жөнөймүн,
Ата-энемен бата алып!

# АКЫЛДУУ БАЛА АКЫЛБЕК

Жаркылдап күлүп тим эле,
Жакшы бала Акылбек.
Ал сүйүнүп жеп алат,
Алып келсем анделек.
Ойнор берет ыйлабай,
«КамАЗын» кечке жетелеп.
«Үй салам!» – дейт өзүнө,
Топурак кошуп, кум элеп.
Чымчык атат чынында,
Чозмо менен түз мээлеп.
Жерге түшсө «топ» этип,
Мага келет эркелеп:
«Чоң ата дейм, чоң ата,
Атып алдым чымчыкты.
Көздөгөнгө дал тиет,
Көрдүңбү бул мылтыкты?!»

«О, азамат, азамат,
Колдоруң түз турбайбы!
Көзгө атар мерген экенсиң,
Көрбөгөнмүн мындайды!»

Айткан сөзгө түшүнүп,
Акылбек абдан кубанды.
Демейдеги оюну,
Андан ары уланды.

# БӨБӨГҮМ МЕНИН-КУУРЧАГЫМ

Түркүн түстүү куракты,
Улап көйнөк кийгизем.
Ченеп-бычып боюңа,
Чебердикти билгизем.

Үшүп калсаң кышкысын,
Жүн жоолукту салайын.
Эркелетип алдейлеп,
Койнума катып алайын.

Жайкысын ысып кыйналсаң,
Жел бешикке бөлөйүн.
Желпип, ырдап уктатып,
Жыргалыңды көрөйүн.

Жылытып менин ичимди,
Күлүп койчу, бөбөгүм.
Жанып турган жылдыздай,
Жан шеригим, өбөгүм.

Ууртуңан жылмайып,
Уктай бергин, бөбөгүм.
Кубат берген, дем берген,
Сенсиң менин жөлөгүм.

# ЧОҢ АТА МЕНЕН НЕБЕРЕ

– Чоң ата дейм, чоң ата,
Помидор неге кызарат?
– Терип жүрсөң аралап,
Тартынып сенден уялат.
– Чоң ата, анда эмне үчүн,
Бадыраң антип кызарбайт?
– Анын пейли ошондой,
Адамдардан уялбайт.
– Кызык экен ээ, ата,
А эмне үчүн уялбайт?
– Айткан сөздү жакшылап,
Кулагына куялбайт.
Уялчаактык жагынан,
Помидорчо боло албайт.
Бирок гүлдөп түн бою,
Саар менен балалайт.
«Кызар!» – десек болбостон,
Кыйылып такыр тил албайт.
Анткен менен ал деген,
Биздин ишке көп жарайт!
Ширин даамды таттырып,
Шакарапты даярлайт.
Дасторконду гүлдөтүп,
Алдыңа тамак тартуулайт.
Алыстан эле жыт келип,
Оокаттын түрүн кабарлайт!
Экөө тең бирдей пайдалуу,
Помидор менен бадыраң.
Табитиңди арттырат,
Чериңди жазып жеп жатсаң!

# КООН, ДАРБЫЗ, АНДЕЛЕК

Акактап чаңкап ысыкта,
Алдык сатып бир дарбыз.
Дайыма келип базарга,
Дарбыздарга кардарбыз.
Суусунду сонун кандырып,
Созултуп обон ырдарбыз.

Өзүбүз эгип албастан,
Өзгөнүн колун карайбыз.
Кой антпейли, келгиле,
Биз эмгекчил балдарбыз.
Короoбузга өстүрүп,
Базарга эми барбайбыз.
Атам, апам – үчөөлөп,
Күчүбүздү арнайбыз.
Кетмендеп жер чаап, жөөк алып,
Эч кимден кем калбайбыз.

Чыкты дарбыз уругу,
Кулактары тикчийип,
Жарашып турат тим эле,
Жашылдан жакшы тон кийип.
Саламдашты мени менен,
Мен да койдум баш ийип.

Жыттары аңкып анделек,
Бышты мына тептегиз.
Келиңиз апа сыйлайын,
Калтырбастан бүт жеңиз.
Өз колум менен өстүргөн,
Коон да бышты эзилип,
Тамшантат таттуу ширеси,
Сонундугу сезилип.

# ЖҮЗҮМ

Аппак, кызыл жүзүмдүн,
Көрүп туруп бышканын:
«Дагы, дагы!» – дей бердим,
Даамын татып мен анын.

Бал, шекер кошуп койгондой,
Ушунчалык ширинби?
Бир гана анын даанасын,
Салганда оозго билинди!

Жакшы билем мен деле,
Эрте бышат чилгиси.
«Уурдап мени жегин!» – деп,
Тузакка бар илгиси.

Азгырса да алдаса,
Мен андайга барбаймын.
Жегим келсе жемишти,
Жат короодон албаймын.

# ШАБДААЛЫ

Шагында турган шабдаалы,
Тилимди менин алсачы,
Тез эле жутуп ийгидей,
Данеги болбой калсачы?

Ширеге булгап жакамды,
Жал-жал карайм апамды.
«Жемелейт эми мени!» – деп,
Ичке катам капамды.

Көйнөгүмө тамызбай,
Ширесин такыр агызбай.
Күнөө менде, билемин,
Жеш керек болчу шашылбай.

Кетирген бул катамды,
Эмки жолу жоёмун.
Отуруп алып, секин жеп,
Шабдаалыга тоёмун!

## АЛМА, ӨРҮК

Каалаганча жей берем,
Алма, өрүк бизде көп.
Аны атам, байкемдер,
Өстүрүшкөн бөпөлөп.

Алыс жактан көрүнөт,
Бою асманга көкөлөп.
Жемиштерин теребиз,
Апам, эжем – үчөөлөп.

Күнгө жайып алабыз,
Ашыкчасын кургатып.
Капка салып коёбуз,
Кышка чейин бек катып.

# ЖҮГӨРҮ

Ой, жүгөрү, жүгөрү,
Жүр, аралап көрөлү.
Чачы өсүп кетиптир,
Кел, жакшылап өрөлү!

Бала кучактап алыптыр,
Бар окшойт анын күйөөсү?
Алар дагы бир бирин,
Адамга окшоп сүйөбү?

Жакшы сөздү жактырып,
Көңүлүңө түйөбү?
– А-ий, мына, мынакей,
Дагы турат бирөөсү!

Даны бышып жетилип,
Дүмбүл болуп калыптыр.
Аны көргөн Динара,
Дароо кайрып алыптыр.

«Мен бышырып жеймин!» – деп,
Казанына салыптыр.
Жеген сайын бал татып,
Даамы абдан жагыптыр!

# КАЙНАЛЫ

Кара түстүү кайналы,
Биз тарапта көп өсөт.
Казып жерди жумшартып,
Отургуздум көп көчөт.
Алар бышса Бишкекке,
«КамАЗ» менен жөнөтөт.
Алуучулар талашып,
Ал базарда тез өтөт.
Дагы жүктөп барганча,
Чыдамы кетип эл күтөт.
«Жардам берсем терүүгө,
Жыйым-терим тез бүтөт!»–
Деп окуучу Орозбай,
Мектепке, үйгө үлгүрөт.

Дайым окуйт ал «5ке»,
Убакыт табат иштешке.
«АУДИ» минип жайында,
Барат ойноп Бишкекке!
Жүзөгө ашат тилеги,
Ким кызыкса эмгекке!

# САБИЗ МЕНЕН ПИЯЗ

Ийреңдеп жерден чыгаарда,
Ипичке ийне учундай.
Чоңойгондо карасаң,
Ар бири сайдын ташындай.

Ыраазы болуп калам мен,
Мээнетиме ачынбай.
Сарпталган эмгек акталат,
Сабиз, пияз ушундай!

Сатып албай базардан,
Өзүбүз эгип алабыз.
Жыйнап бүтүп түшүмдү,
Капка тигип салабыз.
Кышы бою кыйналбай,
Оңой оокат кылабыз.
Ар жыл сайын ушинтип,
Гүл жайнайт биздин талаабыз.
Билекти түрүп иштеген,
Биз эмгекчил балабыз!
Ар-намыс колдон кетирбей,
Ата-энеге жагабыз.
Ардактап-сыйлап аларды,
Ар дайым жакшы багабыз!
Сабиз, пияз болбосо,
Кантип палоо кылабыз?
Палоону жеп тойгон соң,
Тынчыйт анан санаабыз.
Ырдап-бийлеп, шаңданып,
Оюн-күлкү салабыз.
Каалагандын баары бар,
Бактылуубуз баарыбыз!
Бапестеп бизди өстүргөн,
Ата-энеге ыраазыбыз!

# ЖАШЫЛ ЖАЛБЫРАК ЖАҢГАГЫМ

Мектептен эрте келемин,
Кийинип жаңгак теремин.
Анан аны көтөрүп,
Үйүмө алып келемин.

Бою бийик жаңгактын,
Кол сунган менен жетпеймин.
Таяк менен таш менен,
Уруп кагып эптеймин.
Толмоюнча куржунум,
Жанынан алыс кетпеймин.

Ажыратып кабыгын,
Күнгө жайып кургатам.
Жардам берсем кубанып:
«Азамат уулум!» – дейт атам.
Мындай сөздү укканда,
Сүйүнүчкө мен батам!

Баасы жакшы болгондо,
Базарга алып барабыз.
Сатып, анын пулуна,
Велосипед алабыз.

Жаңгагым, жашыл жалбырак,
Калдайган чоң калың бак.
Байлыгысың элимдин,
Бапестеп жакшы сактасак.
Кесип, кыйып четинен,

Отун кылып жакпасак!
Жаңгактын кенин издесең,
Кайда экенин билбесең,
Аксы менен Арстанбап,
Койнун ачат сен келсең.

## БАЛДАР МУНУ БИЛИП АЛ!

Кызыл, сары алчалар,
Шагын ийген алмалар,
Карагат менен кожогат,
Түгөнбөйт терсең, көп алар.
Сүлөөсүн, элик, тоо теке,
Бүркүт, ылаачын, түлкү, улар,
Шумкар, туйгун, жапан куш,
Тоодо жашайт ушулар.
Аккуу, чүрөк, өрдөк, каз,
Топтолуп учкан турналар,
Жергесинде кыргыздын,
Айта берсем көп булар.

«Бабалардан калган!» – деп,
Балдар, муну билип ал!
Кийинки муундардын да,
Кулагына куюп сал!
Чоң атаң айтты билгенин,
Эми достор, аман кал!

# АК ТИЛЕК

Жүрөктөгү кандан бүттү,
Сага арнаган бул китеп.
Тилейм, сурайм, сенин дагы
Жүрөгүңө жетсе деп!

Жазып жатып, эчен ирет
Элжиреди эт-жүрөк.
Таза абадан дем алгандай,
Черин жазды көкүрөк!

Силер барда ата-энеңдин,
Ден соолугу чыңалат.
Иштеп жүрүп чарчап келсе,
Алар дароо күч-кубат.

Каалга ачып кирер менен,
Тосуп алсаң жаркырап.
Садага чаап, жанын берет,
Бекем-бекем кучактап.

Жыпар жытың жан эргитип,
Магдыратат апаңды.
Күлүп койсоң кучак керип,
Кубандырат атаңды!

# М А З М У Н У

ТУЛГА ........................................ 5
САРДАЛ КЫЗ ........................................ 12
«КЫЗ-КҮЙӨӨ» ДАСТАНЫ ........................................ 23

ЫРЛАР
КЫРГЫЗ ТООЛОРУ ........................................ 34
АЛЧАЛАР ГҮЛ АЧКАНДА ........................................ 35
БӨБӨГҮМДҮ УКТАТЫП ЖАТКАНДАГЫ ЫР ........................................ 36
КАРКЫРАЛАР ........................................ 37
ЖАЛЫНДУУ ЖООКЕР БОЛОМУН ........................................ 38
АКЫЛДУУ БАЛА АКЫЛБЕК ........................................ 39
БӨБӨГҮМ МЕНИН – КУУРЧАГЫМ ........................................ 40
ЧОҢ АТА МЕНЕН НЕБЕРЕ ........................................ 41
КООН, ДАРБЫЗ, АНДЕЛЕК ........................................ 42
ЖҮЗҮМ ........................................ 43
ШАБДААЛЫ ........................................ 43
АЛМА,ӨРҮК ........................................ 44
ЖҮГӨРҮ ........................................ 45
КАЙНАЛЫ ........................................ 46
САБИЗ МЕНЕН ПИЯЗ ........................................ 46
ЖАШЫЛ ЖАЛБЫРАК ЖАҢГАГЫМ ........................................ 48
БАЛДАР МУНУ БИЛИП АЛ! ........................................ 49
АК ТИЛЕК ........................................ 50

Көркөм-адабий басылма

**Каримов Мажит**

**«КЫЗ-КҮЙӨӨ» ДАСТАНЫ**

*Бөбөктөргө белегим*

Жомоктор, ырлар

*Мектепке чейинки жана*
*мектеп жашындагы балдар үчүн*

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Компьютердик калыптоочу *Аида Жакыпова*

Форматы $60x90^{1}/_{16}$. Көлөмү 3,25 б.т.
Заказ № 41. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы
Киев көчөсү, 77
Тел.: 66-75-58



Мажит Каримов